***А.Ж. Асанов, У.О. Жолборсов***

## Түрк элдеринин байыркы жана азыркы учуру

Түрк элдери дүйнөдөгү байыркы элдерден болуп эсептелет. Учурда алардын тарыхын жалпы мурастарын үйрөнүү боюнча көптөгөн китептер, илимий жана публицистикалык макалалар жарыяланып, илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, конференциялар өткөрүлүп жатат. 2004-жылдын 15-октябрында ЖаМУда өткөрүлгөн «Коркут ата китеби» - түрк элдерин бириктирер дастан» деген темада илимий практикалык конференция буга мисал боло алат. «Коркут ата китебинин» баалуулугу, - деп жазат профессор И.И. Абдувалиев, - баарынан мурда түбү бир түпкүлүктүү түрк калктарын бириктирер зор идеянын бар экендигине жана түрк урууларынын бир-бирине жакындатар факты белгилердин өтө мол экендигинде деп ойлойбуз». Албетте, бул талашсыз чындык. Дастан байыркы түрк элдеринин тарыхын, турмуш абалын, салт-санаасын, үрп-адатын, акындык-чечендик өнөрүн кеңири баяндаган тарыхый көркөм мурас. Ал азыркы түрк, азербайжан, түркмөн, казак ж.б. элдердин адабиятынан эчак бекем орун алып, окутулуп келет. Кыргыз маданиятынан жана адабиятынан да өз ордун табууда.

Дастан VII-VIII кылымдардагы Сырдарыянын бойлорунда жашаган, ак өргө тигип, Алатоону мекендеп, чет душмандардан элин, жерин коргогон түрк урууларынын турмушун чагылдырат.

Жогорудагы чыгарманын түрк элдерин биримдикке чакырган улуу идеясын, Коркут ата баш болгон ата-бабаларыбыздын биримдик, ынтымак-ырашкерлик жөнүндөгү асыл мүдөөлөрүн алардын бүгүнкү урпактары ырааттуу жана ишенимдүү ишке ашырып жатат.

С. И. Ожеговдун сөздүгүндө: «Тюрки-обширная группа родственных по языку народов, к которым принадлежат татары, азербайджанцы, узбеки, казахи, киргизы, башкиры, туркмены, якуты, каракалпаки, турки и др.» - деп берилет. Бизди кызыктырганы «обширная» (чоң, кеңири) деген сөз. Кыргызчалаганда, чоң мейкиндиктерди байырлап келаткан тили тектеш бир туучан элдер деген сөз.

Тарыхка кайрыла турган болсок, түрк элдери Евразиянын кеңири мейкиндиктеринде ат ойнотушуп, Дунайдан Днепрге, андан бери Урал, Кавказ, Волга бою жана бүтүндөй Сибирди, ошондой эле Кичи Азияны мекендеп келгендиктерин көздөн өткөрөбүз.

Түрк элдери өз өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында дүйнөлүк цивилизацияларга бараандуу салымдарын кошуп келген. Дүйнөдөгү бир катар белгилүү окумуштуулардын пикири боюнча, түрк дүйнөсүнүн дүйнөлүк цивилизациядагы орду бекем. Байыркы тарыхтын барактарына көз жүгүртсөк, түрк уруулары жөнүндө айтылбаган доорлор болгон эмес. Байыркы доорлордогу түрк элдеринин башаты: гунндар, хазарлар, волгалык булгарлар, печенегдер жана кыпчактардын тарыхтагы орду да өзгөчө. Алар байыркы дүйнөнүн атласын түзүүдө, картасын өзгөртүүдө зор роль ойногон. Ат үстүндөгү жоокерчилик замандардын анык ээлери болушкан. Борбордук Европа жана Балкан өлкөлөрүнө, ал тургай байыркы цивилизациянын тиреги - эбегейсиз күч - кубаттуу байыркы зор Римге да жеңиштүү жортуулдарын жасашкан. Ал эми андан да байыркы легендарлуу Марафон салгылашуусунда түрктөрдүн ата-бабалары (сактар, скифтер) перстердин аскеринин катарында гректерге каршы салгылашып, өз фалангасында (участогунда) жеңишке жетишкендигин, бирок башка фалангалардагы перс аскерлеринин жеңилүүсүнө байланыштуу жеңиш гректерге оогондугун ким билбейт? Ошондой болсо да түрк элдеринин ата-бабалары кыйраткыч согуштарга караганда түзүүчүлүк эмгекти артык көрүшкөн. Ак өргө тигип, мал багып, аштык айдап, каада-салтын, нарк-нускасын жана маданиятын өнүктүрүп, дүйнөдө оригиналдуу көчмөндөр цивилизациясын түптөп үлгү көрсөткөн. Өз доорундагы бул цивилизациянын артыкчылыгын дүйнө эли айтылуу Чыңгысхандын доорунун мисалынан жакшы билет.

Ал эми түрк элдеринин орто кылымдардагы түзүүчүлүк жана кыйраткыч күч кубатын да жакшы билебиз. Бирок да түрк дүйнөсү дүйнөгө көчмөндөр цивилизациясын тартуулоо менен абройго ээ болгондугун бардыгыбыз эле биле бербейбиз. Кайра аны артта калгандыктын, варвардыктын жана жапайылыктын белгиси катары кабыл алгандарыбыз да жок эмес. Чет элдик окумуштуу - тарыхчылардын ар кандай доорлордогу түрк дүйнөсүнө

жана цивилизациясына берген учурдагы адилеттүү бааларын басма сөздөн окуп калабыз. Алар боордош түрк элдеринин ареалынын кеңдигин, саны жагынан көптүгүн, тилдеринин салыштырмалуу жакындыгын гана баса көрсөтпөстөн дүйнөлүк цивилизациядагы түрк цивилизациясынын оригиналдуу бекем орду жөнүндө да адилеттүү жана калыс пикирлерин ортого салышууда. Мисалы, япон профессору Тадаши Сузуки мындай дейт: «…Негизинен түрк элдери Монголиядан Жер ортолук деңизине чейин зор аймактарды ээлегендигине карабай тилдеринде анча чоң деле айырмачылык жок. Тил бирдиги болсо маданият бирлигинин бар экендигин кабарлап турат. Андыктан дүйнөлүк цивилизацияда түрк цивилизациясынын орду бар дешке болот».(«Заман Кыргызстан» №40 8-октябрь 2004-жыл). Калетсиз сөз. Чындыгында түрк дүйнөсү көчмөндөр цивилизациясын өнүктүрүү менен дүйнөлүк цивилизацияга өзгөчө салым кошуп, аны жаңы баалуулуктар менен байытты. Бул цивилизация башкалардан оригиналдуулугу, өзгөчө бай мазмундуулугу менен гана айырмаланбастан, улуттук колориттин таасындыгы жана боектуу экзотикасы менен да баалуу. Анын башаты алгачкы орто кылымдардагы огуз-кыпчак урууларынын турмушун чагылдырган, ошол кездеги түрк элдеринин орток тилинде жазылган, бүгүнкү күнгө чейин өзүнүн адабий, тарыхый, этнографиялык маанисин жоготпой келген «Коркут ата китебинде» сүрөттөлөт. Андан кийин түрк элдеринин эпостору «Манас», «Эр Төштүк», «Көроглы», «Алпамыш» жана башка элдик чыгармаларда көчмөндөр цивилизациясы таасын, ар тараптуу чагылдырылган. «Манасты» көчмөндөр цивилизациясынын энциклопедиясы деп атоого толук негиз бар. Демек, байыркы түрк элдери мал - чарбачылыкты жана жайгашкан аймактарынын климаттык, рельефтик жана башка өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу көчмөн турмушту тандап алуусун мыйзам ченемдүүлүк, акылдуулук жана ийкемдүүлүк катары гана кабыл алуубуз керек. Тилекке каршы, айрым окумуштуу сөрөйлөрдүн геосаясий, тарыхый-географиялык, экономикалык жана климаттык шарттарды эске албай көчмөндөр цивилизациясына бир беткей мүнөздөмө беришип, аны артта калгандыктын, патриархалдыктын жана жапайылыктын көрүнүшү катары кабылдашкандыгы абдан өкүндүрөт. Буга каршы түрк окумуштуусу Ахмет Эржиласундун боз үй тигип, көчмөн жашоонун бирден бир себеби катары алар жашаган аймактарда үй салуу үчүн таштын жоктугун, экстенсивдүү мал чарбасын өнүктүрүүгө шарттын бардыгын, климатынын кургактыгын жана жайыттарынын молдугун эсептеши чындыкка абдан туура келет. Түрк элдеринин өздөрүнүн мүнөзүндөй асманы эле кеңири болбостон, биримдиги, ынтымак-ырашкерлиги, адамгерчилиги да жогору болгон. Андай болбосо, бүгүнкү күндөгү өнгөн өскөн элдерден боло алышпайт эле. Эмесе, түрк элдерин башка канатташ элдер менен сандар жана фактылар менен салыштырып көрөлү. Мисалы: Европадагы эң эле ири деп эсептелген славян элдери 16 улуттан турат (орус, украин, белорус, поляк, чех, словак, словен, кашуб, лужич, полаб, болгар, серб, хорват, македон, черногор ж. б.). Германдар (немецтер, англичандар, янкилер, шведдер, норвегиялыктар, даниялыктар, нидерланддар, австриялыктар ж. б.) 10 дон ашпайт. 50 дөн ашуун мамлекеттин мамтили, 550 миллиондон ашуун калк сүйлөгөн романдар (французздар, италиялыктар, испандар, португалдар, румындар, цыгандар, молдавандар ж. б.) да 16 дан ашпайт. Ал эми биздин түрк элдеринин саны 38ге жетет. Мындан түрк элдери таралып отурукташкан аймагынын чоңдугу гана эмес, элдеринин жана тилдеринин көптүгү боюнча да дүйнөдө алдыңкы орундардын бирин ээлейт деп жыйынтык чыгарууга болот. Ар бир элди, улутту тил гана аныктайт. Тилдердин генеалогиялык классификациясында, «Дүйнө элдеринин тилдери» картасында, ошондой эле «Дүйнө элдеринин атласында» көрсөтүлгөндөргө ылайык түрк элдери андан ары төмөндөгүдөй эки топко бөлүнөт. Буларды ар бир кыргыз жети атасын билгендей эле билүүсү зарыл.

I. Огуздар: осмон түрк, крым-татар, түркмөн, хорасан-турк, азербайжан, салар, гагауз.

II. Кыпчактар: балкар, карачай, татар, башкыр, кыргыз, ногой, каракалпак, казак, караим, кумык.

III.Карлуктар (же Туштук-Чыгыш тобу): уйгур, лобнор, өзбек.

IV.Түштүк Сибирь тобу: алтай, хакас, шор, фуюйлук кыргыз, тува, тофалар, чулум-түрк, сарыюгур.


V.Якут тобу: якут,долган.

VI. Чуваш же булгар тобу: чуваш.

VII. Халаж тобу: халаж.

Булардан башка кайсыл топко кирери изилденбеген бир топ майда түрк элдери: афшарлар, сонкорлор, кашкайлыктар, эйналлулар жана хотондор мурдагы СССР аймагынан тышкары мамлекеттерде жашашат.

## Ал эми орус энциклопедиясында тёмёндёгүдёй берилет




Байыркы заманда түрк элдери бир эле улут болгон. Кийинки мезгилдердеги түрк, казак, кыргыз ж.б. болуп бөлүнүү процессинин башталышында деле башка элдер алардын баарын түрктөр деп аташкан. Жатык тил менен айтканда, бардык түрк улуттары жана уруулары бир атанын балдары болгон. Ошондуктан профессор И. Абдувалиев жана анын аспиранттары Т Абылкасымова, Г. Сатимкуловалар которушкан «Коркут ата китеби» бүтүндөй түрк элдерине, анын ичинде кыргыз элине да таандык тарыхый көркөм мурас. Азербайжан тили текteш тил болбогондо аны которуу кыйынга турмак. Анткени, ал орус жана англис тилдериндей мектептерде, окуу жайларда окутулбайт.

Глобалдаштыруу процесси бизге түрк санжырасын гана эмес, бүткүл дүйнөлүк санжыраны да жакшы өздөштүрүү зарылдыгын бекемдейт. Себеби ата-бабаларыбыздын мурдагы мамиле мейкиндиги Евразия жана Түндүк Африка менен гана чектелсе, бүгүнкү күндө бүткүл дүйнө менен мамилелешип жатабыз. Буга түркий мамлекеттердин бири Кыргызстандын эл аралык мамилелердеги жетишкен ийгиликтери мисал боло алат. Демек Коркут атанын ынтымак-ырашкерликте, биримдикте жашоого үндөгөн идеяларын урпактары татыктуу улантып жатат. Бүгүнкү күндө ар бир кыргыз жети атасын жатка билет; көпчүлүгү уруулардын санжырасын жаңгактай чагат; билимдүүлөрү түрк санжырасын, илимдүүлөрү бүткүл дүйнөлүк санжыраны иликтей алышат.

Мекен эң биринчи ата-энеден, туулган кыштактан, бир туугандардан, урууластардан, улутташтардан жана мекендештерден башталат. «Өзүн сыйлабаган өзгөнү сыйлап жарытпайт» деп эң туура айтылган. Үй-бүлө мамлекеттин эң кичине ячейкасы болгондой эле уруу, урук, улут, боордош улуттар - Мекен түшүнүгүнүн улам чоңое берүүчү ячейкалары.

Түрк элдеринде «Алыскы туугандан жакынкы коңшу артык» деген эң сонун макал бар. Бул айрыкча Россияга, орус элине болгон мамилелерге тиешелүү. Кыргыз жана башка түрк элдери байыртан эле буга зор маани беришкен. Фольклорлук чыгармаларда да башка элдер менен достук өзгөчө даңазаланат. Мисалы: «Манастагы кытайдын баласы Алмамбет түрктүн баласы Чубактан кемби? Же Күлчоро Канчородон кытайдын баласы деп жектелип кем бааланабы? Жок, түрк элдери башка элдерди да урматтай билген, жакшы сапаттарын баалаган элдер болгон. Себеби аларды Коркут атага окшогон даанышмандары, нарк-нускалуу насаатчылары кылымдардан кылымга мезгилден артта калтырбай такай тарбиялап келишкен. Түрк элдеринин күчтүүлүгү, ынтымагы жана бүтүндүгү мына ушунда.

Түрк элдеринин дагы бир артыкчылыгы – интернационалдуулугу. Мисалы, советтик мезгилде Кыргызстандын калкынын дээрлик 50 пайызын, ал эми Казакстандын 65 пайызын башка улуттар түзгөндүгүн айтсак жетиштүү болот. Көпчүлүк өлкөлөрдө түпкүлүктүү калк 80-90 пайыз, кээ бирлеринде 95 пайыздан ашыгын түзгөндүгүн жакшы билебиз. Кудайга шүгүр, түрк элдери убактылуу экономикалык жана саясий кыйынчылыктарга карабастан, регионалдык жана ички кагылышуулардан алыс болуп, бейкуттукта жашап жатышат. Себеби, түрк элдери толеранттуу, тартиптүү жана адептүү калк. Бул асыл сапаттар аларда жөн эле пайда болгон жок. Алардын Коркут ата, Бакай карыя ж.б. сыяктуу акылман кеменгерлеринин жүздөгөн, миңдеген жылдар бою тынымсыз айтып жана тарбиялап келгендигинин натыйжасында жетишишти. Ошондой эле ислам дининин прогрессивдүү традицияларынын жагымдуу таасири себеп болуууда.

Анан да мурда түрк элдеринин бир туугандыгы, биримдиги жөнүндө сөз болсо эле айрым сокур саясатчылар тарабынан пантюркизм деген жардык тагылып, ал тургай куугунтукка алынган фактылар да жок эмес эле. Бул караманча туура эмес экендигин мезгил өзү тастыктады. Саясий өңүттөн алганда да элдердин бир туугандыгынын идеясы жана санжырасы прогресске гана кызмат кылат, глобалдаштыруу процессинде да зор роль ойнойт. Элдердин боордоштуруууга, регионалдык жана бүтүндөй планеталык стабилдүүлүккө, өз ара түшүнүшүүгө шарт түзөт. мисалы орус мамлекети илгертен эле славяндар менен боордошууга, биригүүгө жана боштондук үчүн күрөштөрүндө жардам көрсөтүүгө зор маани берген. Тескерисинче түрк элдери узак убакыт бою бири-биринен обочолонуп бир туугандык мамилелери өнүкпөй келген.

Түрк элдеринин санжырасын түзүүгө бүткүл дүйнөнүн окумуштуулары катышты (еврей, орус, англис ж.б.). Түрк окумуштуулары өздөрү эле түзүп алышкан жок. Ошондуктан калыс, адилет түзүүгө мүмкүн болушунча аракеттенишкен. Андан ары тактоо, изилдөө биздин милдетибиз. Ошентип түрк элдери өз мамлекеттүүлүктөрүнө ээ болуп, бүгүнкү күндө да дүйнөлүк цивилизацияга чоң салымдарын кошуп жатат. Эл аралык саясатта, экономикада, илимде, адабиятта жана искусстводо зор ийгиликтер жаралууда. XX кылымдын аягында XXI кылымдын башында түрк элдери экономикада ири ийгиликтерге жетишти; эл аралык аброю өстү, өз ара дипломатиясы, кызматташтыгы чыңдалды, боордоштук жана бир туугандык сезимдери калыптанды. Ататүрк, Абай, Токтогул, Назым Хикмет, Чыңгыз Айтматов, Кайтсын Кулиев, Мухтар Шаханов, сыяктуу дүйнөгө белгилүү инсандары өсүп чыкты. Ушунун баары Коркут атанын урпактары ата-бабаларынын миңдеген жылдар бою калтырган осуяттарын

эстен чыгарбай, саясатты, экономиканы, илимди, адабиятты жана маданиятты өнүктүрүүдө аларды туу тутуп колдонушуп, колдоосуна ээ болушуп, түрк дүйнөсүнүн зоболосун көтөрүп, аны дагы бир жаңы сапаттык бийиктикке көтөрүп жатышкандыгын айгинелейт.

**Корутунду**

Ар бир элди, улутту аныктоочу негизги белги (критерий) тил болуп эсептелет. Айрым учурларда эл жана тил түшүнүктөрү синонимдер гана боло алышат. Бул макалада да ошондой. Эл жана тил түшүнүктөрү - ажырагыс.

Көрүнүктүү лингвист Ю.С. Масловдун генеалогиялык классификациясында бүткүл дүйнөдөгү тилдер 22 топко (группаларга) бөлүнгөн. Алардын ичинен эң ирилери Герман, Роман, Славян, Афразия, Урал, Түрк жана Кытай-тибет. Жогоруда айтылгандай, ошолордун арасында да Түрк тобу ареалынын кеңдиги, тилдеринин жана калкынын саны боюнча да алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Түрк тилдеринде сүйлөгөн 38 улут бар. Чыгыш Сибирден Жер Ортолук деңизине чейин созулган кеңири мейкиндиктерде жашашат. Түрк элдеринин 6 мамлекети (Турция, Казакстан, Өзбекстан, Азербайжан, Кыргызстан жана Түркмөнстан) бар. Россия Федерациясында жана СНГ өлкөлөрүндө 15 түрк элдери автономияга ээ болушкан. Кытайда Шинжан- Уйгур автономиялуу району бар. Иран Азербайжанында, КМШдагыдан көп азербайжандар бар. Ал эми Кипрде да түрк мамлекети түптөлүп жатат. РФда Саха, Тыва, Алтай, Татарстан, Башкортостан, Чуваш, Кабардино-Балкар, Карачай – Черкес, Хакас республикалары; Таймыр, (Долгано-Ненец) автономиялуу округу түзүлгөн. Эң кичине өлкөсү – Тофалария (РФ Тува). Анда 600дөн ашуун калк жашайт. Бирок аянты 60 миң чарчы километр. Бул 14 млн. калк жашаган Голландиянын аянтынан чоң дегендик. Түрк тилинде сүйлөгөн элдер СНГ, Турция, Иран, Афганистан, Монголия, Кытай, Болгария, Румыния. Югославия, Албания, Греция, Венгрия жана Кипрде жашайт. Алардын жалпы саны 150 миллион. Башкы өлкөсү Турцияда 75 млн. ашуун калк жашайт жана өнүгүү деңгээли боюнча Европа өлкөлөрү менен тең тайлашат. Казакстан, Азербайжан жана Өзбекстан жакшы өнүгүп жатат. Бардык эле түрк мамлекеттеринин эл аралык саясатта, экономикада жана маданиятта өз орду бар. Түркмөнстанда монархиялык түзүлүш орноп, жабык өлкө аталып, реформалар жүргүзүлбөгөн менен эли бакубат жашайт. Ал эми чыныгы демократияга багыт алган Кыргызстан эл аралык саясатта ийгиликке жетишип, аброю артып баратат.

Жогоруда айтылгандардын негизинде, биз, бул макаланын авторлору, түрк жана славян элдеринин ( тилдеринин) салыштырма таблицаларын тиркеме катарында толуктап түзүүгё аракеттендик. Мурдагы түзүлгёндёрдё түрк элдеринин саны отузга жетпеген экен. Майда элдерин, изилденбегендерин кошпоптур. Биз болсо алардын санын 42 ге жеткирдик. Мындан түрк элдеринин санынын абдан кёптүгүн, ареалынын кеъдигин Европада эъ ири деп эсептелген славян элдерине салыштыруу менен таасын элестетүүгё болот. Элдеринин, тилдеринин, рухий маданиятынын, үрп адаттарынын, каада-салттарынын ж.б. кёп түрдүүлүгү, эбегейсиз мейкиндиктерди байырлоосу – түрк дүйнёсүнүн зор потенциалдык кубаттуулугун айгинелейт.

**№1 Азыркы түрк элдери (тилдери) жёнүндү маалымат - таблица**.

| Топтору | Элдери же тилдери | Мамлекеттери, автономдук түзүмдёрү же жашаган жерлери | Борборлору же жакын шаарлары |
|---|---|---|---|

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кыпчак же Түндүк- Батыш | Татарлар | Татарстан Республикасы (РФ) | Казань |
| | Башкырлар | Башкортостан Республикасы (РФ) | Уфа |
| | Казактар | Казакстан Республикасы | Астана |
| | Каракалпактар | Каракалпакстан Республикасы (Ёзбекстан Р.) | Нукус |
| | Кумыктар | Дагестан Республикасы (РФ) | Буйнакск |
| | Ногойлор | Ногой районну, Дагестан Р. (РФ) | Терекли-Мектеб |
| | Караимдер | Крым, Одесса, Волынь обл. (Украина) | Одесса |
| | Кыргыздар | Кыргыз Р., КЭР, Ёзбекстан | Бишкек |
| | Карачайлар | Карачай -Черкес Р.(РФ) | Черкесск |
| | Балкарлар | Кабардин –БалкарР.(РФ) | Нальчик |
| | Крым татарлары | Крым авт.Р.(Украина ) | Симферополь |
| | Беларусь, Литва татарлары | Беларусь, Литва | Минск, Тракай |
| | Крымчактар | Крым аймагы | Карасубазар |
| Карлук же Түштүк-Чыгыш | Уйгурлар | Шиньжан- Уйгур авт.району (КЭР) | үрүмчү |
| | Лобнорлор | Шиньжан- Уйгур авт.району (КЭР) | үрүмчү |
| | Ёзбектер | Ёзбекстан Р., Тажикстан, Афганистан | Ташкент |
| Огуз же Түштүк-Батыш | Азербайжандар | Азербайжан Р., Иран, Турция | Баку, Тебриз |
| | Түркмёндёр | Түркмёнстан, Иран, Ирак, Афганистан | Ашхабад |
| | Трухмендер | Ставрополь крайы (РФ) | Ставрополь |
| | Саларлар | Сюньхуа авт.уезди (КЭР) | Цзиши |
| | Хорасан түрктёрү | Хорасан провинциясы (Иран Ислам Р.) | Мешхед |
| | Гагауздар | Гагауз Ери(Молдова Р.) | Кишинев |
| | Түрктёр | Түркия Р., Болгария, Кипр, Греция | Анкара |
| | Урумдар | Дон, Запорож обл. (Укр.Р.), Грузия, Греция | Донецк, Мариуполь |
| Алтай же Түштүк - Сибирь | Алтайлыктар | Алтай Р. (РФ) | Горно-Алтайск |
| | Хакастар | Хакасия Р. (РФ) | Абакан |
| | Шорлор | Кемеров обл. (РФ) | Кемерово |
| | Фуюйлук кыргыздар | Фуюй уезди, Хейлунцзянь пров. (КЭР) | Фуюй |
| | Тывалар | Тыва Р. (РФ) | Кызыл |
| | Чулым түрктёрү | Новосибирь, Том обл. | Чулым |
| | Тофалар | Нижнеудин рай.,Иркут областы (РФ) | Алыгжер |
| | Сарыуйгурлар | Минхуа району (КЭР) | Минхай |
| | Урянхайлар | Иркут обл. (РФ) | Иркутск |
| Халаж | Халаждар | Борбор Иран (И.И.Р.) | Тегеран |
| Якут | Якуттар | Саха Республикасы (РФ) | Якутск |
| | Долгандар | Долган-Ненец авт. округу (РФ) | Норильск |
| Чуваш же Булгар | Чуваштар | Чуваш Республикасы (РФ) | Чебоксары |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Кайсы топко кирери изилденбе-ген аз сандагы түрк элдери | Афшарлар | Иран, Турция, Афганистан | Горган |
| | Сонкорлор | Сонкор шаары; Фархаз-хан, Корва калктуу пункттары | Сонкор |
| | Кашкайлыктар | Фарс областы (Иран И.Р.) | Фарс |
| | Эйналлулар | Түндүк Иран (И.И.Р.) | Тебриз |
| | Хотондор | Түндүк Монголия (МЭР) | Эрденет |

**№2 Славян элдери (тилдери) жёнүндё маалымат- таблица**

| № п п | Бутактары | Ёлкёлёрү | Борборлору | Элдери же тилдери |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Чыгыш славяндар | Россия | Москва | Орустар (орус тили) |
| | | Украина | Киев | Украиндер |
| | | Беларусь | Минск | Белорустар |
| 2 | Батыш славяндар | Польша | Варшава | Поляктар, Кашубдар, Лужичандар |
| | | Чехия | Прага | Чехтер |
| | | Словакия | Братислава | Словактар |
| 3 | Түштүк славяндар | Болгария | София | Болгарлар |
| | | Югославия | Белград | Сербдер, Черногорлор |
| | | Хорватия | Загреб | Хорваттар |
| | | Словения | Любляна | Словендер |
| | | Македония | Скопье | Македониялыктар |
| | | Босния жана Герцеговина | Сараево | Сербдер жана хорваттар (серб-хорват тили) |

**Соъку сёз**

Түрк элдери - тынчтыкты сүйгөн, ишкер, билимдүү, таланттуу жана толеранттуу элдер. К. Атatүрк, Н.Хикмет, М. Ауэзов, Ч.Айтматов, Н.Назарбаев, Г.Алиев, С.Шарипов сыяктуу дүйнөнү дүңгүрөткөн атактуу уулдары да арбын. Кыскасы түрк дүйнөсүнөн ала турган баалуулуктар көп. Ошондой болсо да, түрк дүйнөсү белгилүү себептер менен өз мүмкүнчүлүгүн али да толук пайдаланбай келет. Түрк тилинин дүйнөлүк тилдердин катарына кирүү зарылдыгы эчак эле бышып жетилсе да ишке ашпай келүүдө. Мындан дүйнө элдери уттуруп гана жатат. Себеби: биринчиден, дүйнө эли түрк дүйнөсүнүн эбегейсиз баалуулуктарын терең өздөштүрүүдөн четте калышууда. Экинчиден түрк тилинин дүйнөлүк тил болбой калуусу учурдагы глобалдаштыруу процессине, бүткүл дүйнөлүк интеграцияга түрк элдеринин активдүү катышуусуна да тоскоол болууда. Анткени түрк дүйнөсү – бүткүл дүйнөнүн маанилүү бөлүгү. Ансыз дүйнөнүн бүтүндүгүн элестетүүгө болбойт. Эгерде түрк тили дүйнөлүк тил болуп калса, түрк элдеринин келечеги кең болот. Азыркы мезгилде алардын дүйнөлүк саясаттагы, экономикадагы жана маданияттагы потенциалы күн сайын өсүп барат. Бул болсо өз кезегинде дүйнө элдеринин түрк тилин өздөштүрүүгө кызыгуусун арттырат.

Анан да башка түрк элдерине да жагымдуу шарт түзүлөт. Текteш элдин тилин үйрөнүү жеңил болгондуктан тез арада өздөштүрүп, дүйнөлүк маалымат мейкиндигине чыга алышат. Ошондуктан ООНго сунуш киргизип, аракеттенүү гана керек. Албетте, бул келечектин иши.

Бул чакан макалада түрк дүйнөсүн ар тараптан чагылдыруу дегеле мүмкүн болбоду. Ошентсе да түрк элдеринин байыркы жана азыркы учурлары жөнүндө азыноолак сөз кылдык. Эмесе Коркут атанын урпактарына ак жол тилеп, ийгилик каалайлы.

**Адабияттар**

1. Маслов Ю.С. «Введение в языкознание». Москва, 1997. с 228-230
2. С.И.Ожегов. «Словарь русского языка». Москва, 1961. с. 805.

3. Касевич В.Б. «Элементы обшей лингвистики». Москва, 1979.
4. И.Абдувалиев, Т. Абылкасымова, Г.Сатимкулова «Коркут ата китеби» (Түрк элдеринин байыркы дастаны). Бишкек, 2004.
5. И.Абдувалиев «Коркут ата китеби» - кыргыздарга да тиешелүү эстелик. «Заман Кыргызстан», №43, 1994, 24.06.; №44, 1994, 01.07.
6. Семереньи О. «Сравнительно-историческое изучение языков разных семей: Современное состояние и проблемы». Москва, 1981.
7. БСЭ (3-е изд). Карты «Языки народов мира» (т.30, вклейка между с 32 и 33), а так же Атлас народов мира. Под ред. С.И.Брук, В.С.Апенченко. Москва, 1964.
8. Дорлинг Киндерсли «Атлас Мира». Москва, 1999.
9. «Историко-культурный Атлас Кыргызстана». Довер-Москва-Бишкек, 2001.
10. «Языки мира: Тюркские языки». Бишкек, 1997